УДК:372.3
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-378-384

**Конушбаева А.К.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Konushbaeva.a@mail.ru
**Айытбек кызы А.**
студент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ МАТЕМАТИКА САБАГЫНА ЖАШ МУГАЛИМДИН МЕЗГИЛГЕ ҮНДӨШ ДАЯРДАНУУСУНУН АЙРЫМ УЧУРЛАРЫ

**Аннотация:** Бул макалада башталгыч класстын келечек адистери, мектепте иштеген жаш мугалимдер үчүн мектептеги математика сабагынын окуучуну мезгил талап кылгандай заманга үндөш даярдоо маселесине сунуштар берилет. Айрыкча математикада баланы өнүктүрүүчүлүк миссиясын кандай ишке ашыруу керектиги боюнча практикалык кадамдар, чыгармачыл иш-аракеттерди колдонуу зарылдыгы негизделет. Ошону менен катар турмуштук жөнөкөй маселелерди образдуу берүү жагы көрсөтүлөт. Окуучуну математика сабагында финансалык сабаттуулугун калыптандырууга мотивдейт. Башталгыч класста өзгөчө көңүл математика сабагына бурулаары белгилүү. Ошондуктан математика сабагын баланы активдүү позицияга алып келдирүүчү, кызыктуу, логикалык көңүлдүү жагдай түзүүчү сабактардын планын түзүү шарт. Математика сабагында өтүлгөн ар бир тема баланы кайдыгер калтырбагандай ойлонулуп тзүлүшүнө жетишип, ар бир окуучунун сабакка реализацияланышын, иш аракеттерин максималдуу уюштурууга жетишүү талабын канааттандырган пландаштыруу жасоо милдети айтылат. Өзгөчө жаш мугалимдер алгачкы кадамдарында эле ар бир сабакта иштиктүү колдонула турган пландаштырууну жазып, аны адатка айландырып алышы абзел. Ал үчүн жаш мугалим сабакка даярдыкты окуу жылы башталганча жүргүзүү сунушу берилет.

**Негизги сөздөр:** изденүүчүлүк, стандарттуу эмес ойлоно алуучулук, компетенттүүлүк, математикалык тил, рынок, товар, киреше, маселе, натыйжа.

**Конушбаева А.К.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
Konushbaeva.a@mail.ru
**Айытбек кызы А.**
студент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# НЕКОТОРЫЕ СЛУЧАИ ПОДГОТОВКИ МОЛОДОГО УЧИТЕЛЯ К УРОКУ МАТЕМАТИКИ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

**Аннотация:** В данной статье для будущих специалистов начальной школы, молодых учителей, работающих в школах, даются рекомендации по вопросу подготовки учащихся к современности на школьном уроке математики. Особенно в математике обоснована необходимость использования практических шагов и творческой деятельности по реализации миссии развития ребенка. Мотивирует ученика на развитие финансовой грамотности на уроках математики. Известно, что уроку математики в начальной школе уделяется особое внимание, поэтому необходимо составить план урока, который выведет ребенка на активную позицию и создаст интересную, логическую и веселую ситуацию. Утверждается, что каждая тема, освещаемая на уроке математики, должна быть спланирована таким образом, чтобы она не оставляла ребенка равнодушным, и важно составить план, удовлетворяющий требованию каждого ученика к реализации урока и максимальной организации деятельности лучше сделать это привычкой. Для этого молодому учителю рекомендуется подготовиться к уроку еще до начала учебного года.

**Ключевые слова***:* любознательность, нестандартное мышление, компетентность, математический язык, рынок, продукт, доход, проблема, результат.

**Konushbaeva A.K.**
senior lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
Konushbaeva.a@mail.ru
**Ayitbek kyzy A.**
student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## SOME CASES OF PREPARING A YOUNG TEACHER FOR A MATHEMATICS LESSON IN A PRIMARY SCHOOL

**Annotation:** In this article, for future primary school specialists and young teachers working in school recommendations are given on the issue of preparing students for modern times in a school mathematics lesson. Especially in mathematics, the need to use practical steps and creative activities to implement the mission of child development is justified. Motivates students to develop financial literacy in mathematics lessons. It is known that special attention is paid to a mathematics lesson in elementary school, so it is necessary to create a lesson plan that will bring the child to an active position and create an interesting, logical and fun situation. It is argued that each topic covered in a mathematics lesson should be planned in such a way that it does not leave the child indifferent, and it is important to draw up a plan that satisfies the requirement of each student to implement the lesson and organize the activity as much as possible, it is better to make it a habit. To do this, the young teacher is recommended to prepare for the lesson before the start of the school year.

**Key words**: curiosity, non-standard thinking, competence, mathematical language, market, product, income, problem, result.

Сабакка даярдануунун өзү- негизинен мугалимдин жеке теориялык-практикалык эмгегинин техникасынан көз каранды экендиги баарыбызга түшүнүктүү.

Мугалимдин сабакка даярдануусу окуу жылы башталганга чейин эле өзгөчө жаш мугалимдер үчүн башталып, иш билгилигин,устаттык үйрөнгөн иш аракеттерин сабактарда кантип ашырууну чамалоодон башталат [1, 4-б]:

-бөлүнгөн класска тиешелүү окуу программасын кайталайт,жаңы көрсөтмөлөрдү окуп чыгат;

-сунушталган окуу китебинин,кошумча окуу-методикалык колдонмолордун, альтернативдүү окуу китептеринин мазмундук өзгөчөлүктөрүн, мурунку жылдагы жетишилбеген темаларды окуп чыгып, талдап өз божомолун /гипотеза/ чиймелеп жазат.

-зарыл учурда өткөн жылдын класстык журналын,окуучулардын жазуу иштеринин жыйынтыктарын материалдарга көз салып чыгуу ашык эмес;

-окуу кабинетинин,окутуу каражаттарынын абалын иликтеп,өтө зарыл талаптары боюнча тиешелүү кызматкерлерге билдирип, жазуу түрдө талап калтырылат жана башка ушул сыяктуу минималдык керектөөлөрдүн камсыздалышы мугалимге окуу процессин эффективдүү уюштурууну шарттайт.

Сабакка даярдануунун жогорудагы этаптары сабактардын оптималдуу системасын пландоого,мугалимди изденүүгө, квалификациялык Иш билгилигинин /компетенциясынын/ жогорулашына «аянтча» түзүп, чыгармачылык ойлонууга чакырат.

Мугалимде окуу жылы ичинде кандай максаттарга жетиши керектиги
билинип, кыскача айтканда жыл ичинде: эмнени?, эмнеге?, кантип? -деген чоң /зона ближайщего развития/максаттар калкып чыгат.

Бул учурда сабактардын жыл ичиндеги билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк максаттардын негизги багыттары стратегияланып калат.

Мындай мезгилде мугалим ар бир сабакка темага ылайыктуу максаттарды, мазмундук талаптарды, кызыктыруучу ыкмаларды болжоп,кошумча адабияттарды, кыскасы методикалык базасын байытуу күн тартибине айланып, башка чара жогуна мажбурланат.

Мугалим өзүнүн кесиптик дараметинин жетишсиздик абалына кабылат.

Бул абалга түйшөлүү мугалимдин өз билимин, компетенттүүлүгүнө астыртан сын көз менен кароосуна жеке көйгөйү түзүлүп, натыйжада мугалим тынымсыз иш-аракетке ички чакыруусу пайда болот.

*Мугалимдин өнүгүү стадиясына алгачкы кадамдар түзүлөт,ийгилик /ситуациясы/абалы жаралат...!*

Советтик педагог окумуштуу, профессор Юрий Анатольевич Конаржевский «сабак-окууну уюштуруунун процесси, **сабакта негизги жумушчу -окуучу!**» деп белгилегендей баланы окуу процессине киргизүү негизги максат [4, 3-б].

Сабактын ар бир этабында, керек болсо ар бир минутасында класстагы окуучулардын дүңүнөн канчасы иш аракетке киришкенин байкап уюштуруу татаал система. Бул жерде психологиялык, эмоционалдык моменттер өтө маанилүү. Мугалимдин устаттык чеберчилиги бул моменттерди продуктивдүү уюштуруусуна көз каранды. Бул учурда сабактын коюлган максаттары мугалим үчүн «мээлөөчү обьект» сыяктуу кызмат кылат. Сабактын максаты-мугалим тарабынан алдын ала пландаштырылган жетишиле турган жыйынтык. Сабакта мугалим бир эле учурда окуучуну бул процесске улам кайрып алып келип туруу милдетин аткарат да төмөндөгүдөй алгоритмге багыттап турат:

-жагдайды анализдөө;

-билимдин нормага жеткиликтүүгүнүн эсеби, теория билимдин негизи катары окутулгандыктан, ар кандай маселелерди чечүүнүн эң маанилүү базасы катары орбитр болуп турат;
- илимдин тарыхынан кызыктуу фактыларды, окумуштуулардын биографиясын, практикалык маанисин, мезгилге үндөштүрүп, айтып берип, көйгөйлүү кырдаал түзүү;
- мугалим тарабынан койгон талаптардын жана кызыкчылыктардын окуучулар менен кызматташтыкта ишке ашып жатышы жана башка ушул сыяктуу иш аракеттер кыйыр ишке ашырылат [6,2-б];

Негизинен мугалимдин жалпы иш билгилиги /компетенттүүлүгү/тууралуу төмөнкүлөрдү айтууга болот:
- окутуп жаткан предмети тууралуу терең билимге ээ болуусу, анын тигил же бул окутуу технологиясында камтылган принциптерин, концептуалдык идеясын билиши;
- мектепте окутуу-тарбиялоо иштерин уюштуруу боюнча жана предметти окутууда түрдүү методдорду, үйрөтүү жолдорун билип, долбоорлордо колдоно билүү;
- окутуу методдорун сабактын темасына карап тандоодо, логикалык ырааттуулуктун сакталышын билүү, ар бир окуучунун жеке мүнөзүнө, айырмачылыгына карап педагогикалык технологияларды тандай алышы;
- тигил же бул педтехнологияны колдонууда ага тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизе алышы.

Төмөндө көбөйтүү амалынын аткарылышы боюнча 3-классында кайталоодо сабактын айрым фрагменттерине мисалдар келтирилет. Мында жаш мугалимдин сабакка даярдануусунда заман талабына жараша турмуштук мисалдарга ыктыярдуу ыкмаларды да өз алдынча ишти уюштурууда колдонуу сунушу берилет.

Сабактын тиби: аралаш сабак, ар бир тапшырмага слайддар, соода түйүндөрү, таблица-диаграмма, Кыргызстандын валютасы, интерактивдүү доска, рефлекциялык конверттер.

Күтүлүүчү натыйжа:/даярдык толук болбогондуктан, максаттар ачык берилген жок/ Окуучулар базар экономикасынын типтүү аспектилерине математиканы колдонуп,турмуштук учкай түшүнүк алуу, баланын финансалык сабаттуулугуна багыттоо максаты ишке ашат.

Класста ишти уюштуруу түрлөрү: жеке, фронталдык, топ, ыктыярдуу.

Сабактын жүрүшү:

1. Уюштуруу учуру: Балдардын сабакка даярдыгы, психологиялык жагдай.
2. Сабактын темасын жарыялоо.
3. Мугалимдин кириш сөзү, актуалдаштыруу:

- Балдар, дүйнө саат сайын өзгөрүп жатканын байкап жүрөбүзбү?

ата-энелерибиз көбүнчө кайсы иш менен кечке алек?

-ар кимибиз алардын иштерин түшүнүүнү каалайбызбы?

-түшүнүктүү, андай болсо колдон келишинче жардам берип, аларга жеңилдик берүү үчүн ар бирибиз математика сабагында эсептөө сабаттуулугуна ээ болушубуз керек турбайбы!

Анда бүгүнкү сабакта адамдардын тарыхында соода кантип чыкканын түшүнүүнү силер менен чогуу аракет жасайлы.

Сиздерди «Миң түркүн » деп аталган СООДА өлкөсүнө адаттан тыш саякатка чакыргым келет, себептерин түшүндүрөт.

Текст слайдда берилет, кезектешип окушуп өз алдынча түшүнүктөрүн ортого салышат.Базардын сүрөттөлүшү слайддан же видеодон көрсөтүлөт.

*Мазмуну: Соода мамилелери илгертен эле пайда болгон жана байыркы адамдар анда болжол менен 10 миң жыл мурун жашашкан .Ал жерлерде адамдар карапа, темир*

*устачылык же балык уулоо менен алектенишкен. Бирок балыкчыга тор, ат бакканга така, темир устага балта, дыйканга кетмен, ашпозчуга казан керек. Алардын эмгегинен жасалган буюмдарды алмашуу зарылдыгы келип чыкты. Алмашууга катышкан буюмдар "товарлар" деп аталды. Адамдар товар алмашкандыктан, алар ар кандай көлөмдөгү товарларды салыштырууну үйрөнүшү керек болчу. Андан кийин бул өлкөдө сандар пайда болду. Алгач байыркы адамдар манжаларында эсептешкен: бир манжасын бүксө бир чыгат, колундагы бардык манжаларын бүксө он чыгат. Бирок элестетип көрсөңүз, 100гө чейин эсептөө үчүн канча кол керек? Ооба, манжаларыңыз менен 100гө чейин санай албайсыз. Ошентип, бир айылда монета жасоочу машинаны ойлоп тапкан монетачы илимпоз жашаган.*

***/Слайддан сүрөт-1/*** *Ошондон бери өлкө акча алмаштыра баштады. Кийинчерээк ар бир мамлекет өз - өзүнчө пайда болуп, өздөрүнүн соодалашуучу акчаларын чыгара башташты, аны башка мамлекеттерге барганда «валюта»-деп аташат. Кыргыз мамлекети “Сом“ валютасын, казактар «тенге» валютасын,америкалыктар «доллар» жана башка валюталар чыгартышты. Ар бир мамлекеттеги адамдар ар кандай өздөрү эң мыкты деген буюмдарын өздөрүнөн ашкандарын башка адамдарга алардын буюмдарына алмаштырууну «бартер» деп атап алака жасай башташты Жасаган буюмдары жетпесе өтө зарылын мурдатан топтоп жүргөн накталай акчаларга сатып алып же сата башташты. Сатыкка жарамдуу буюмдарын «товар»деп аташты.*

***/Слайдда валюталар тааныштырылат-2/.***

*Товарлар алынып келинген жер "базар аянты" деп аталып, биздин биринчи аялдамабыз "Базар"болду. " Базар " - бул эмне? Буюмдарды тандоого саякаттоочу жер. Ал эми соода мамилелери түзүлгөн кийин, бир гана жакшы саноо эле эмес, кайсы бир товар кампасында болушу керек. Сизге эмне зарыл болгонун буюм ээси билбесе да,ашыкча товарлар сакталышы керек. Сизге азык-түлүк зарыл дейли. Ушул кызыктуу ишке киришели. Саякаттоону ыңгайлуу кылуу үчүн, акчабызды алып жакын баралы.*

Оозеки эсептөөнү ким жакшы өздөштүргөнүбүздү базардан жөн гана 3 топко бөлүнүп өзүбүздүн билимибизди акырын текшерип жүрүп отуралы, байкайлычы:

1-топко тапшырма:/Слайд-3/

Базарда мындай алмашуу болуп жатыптыр.

Фермерде: 1 чака картошка- 3 баш капуста туура келет.

6 чака картошка – ? капуста.

7 чака картошка – ? капуста. Жооп-?

2-топко: /слайд-4/ 8 казанга – 1 кап буудай.

? казанга--- 5 кап буудай. ? Жооп-?

Дал ушундай алмашуу алгачкы коомдо базарда болгон.

Акчанын келиши менен кийинчерээк адамдардын алмашуу жана сатып алуу мүмкүнчүлүгү ачылып, сабаттуу жүргүзүлө баштаган.

Суроо?

3 – топко:/слайд-5/

Эми азыр «рынок, бизнес, ишкер» деген сөздөрдү түшүнөбүз, мисалдардар түзөбүз, кантип пайда табууну кадамдап талкуулайбыз. Ар бир ишкер адам белгилүү бир киреше тапкан учурда гана иштейт, сатат жана товарларды алмаштырат (кирешелердин чыгымдардан ашып кетиши).

Маселе:

Жайында атам  Канаттуулар фабрикасынан
25 жөжөнү 40 сомдон алып келген.
Үйдө ал аларды 60сомдон саткан.
Мындай сатуудан канча киреше тапты?
Класска жалпы 1- тапшырма:/Слайд-6/
Келгиле, сапарыбызды уланталы.
рынокто эсептешүүлөр кандай жүрүп жатат?
"Маркетинг жана сатуу рыногу". - Быйыл күз кең пейил болду. Мындан эмнени байкадыңыз? /күз берекеси слайд-7/
Жылына 1 кишиге болжол менен 85 кг картошка керектелет деп болжойлу
Силердин үй -бүлөдө 6 адамга канча керектелет?
Эгерде 8 адам болсо канча керектелет?
85*6 = 510(кг)
85*8= 680(кг)
Жыйынтык. Демек, үй - бүлөнүн муктаждыктарын бир жылдык керектөөсүн канааттандыруу үчүн эмнени билүү керек экен?
Үй-бүлөдөгү адамдардын санын жана жыл ичинде 1 адамга болгон муктаждыкты билүү.
Бул көйгөйдү чечүүдө биз маркетингди картошка сыяктуу продукт үчүн гана колдонууну карадык.
Корутунду. Биздин саякатыбыз аяктап баратат. Сиз бизнесмендердин кандай иштээрин билдиңиз. Ишкер адамдар көбүнчө өз кирешелерин асыл максаттарга, ооруканаларды, мектептерди, балдар үйлөрүн, карылар үчүн баш калкалоочу жайларды курууга жумшашат. Бирок биз сабакка кайтып келе турган убак келди жана дүкөндөрүбүздү жаап, акчаны кайда салабыз? (Сейфке.) Бирок биз сейфти айкалышкан кулпуга жабабыз. Ошентип, сейф ачылбаган куб түрүндө берилген.
Класска жалпы 2- тапшырма: /слайд-8/
Коду 1 2 3 4 5 6 турат (13) Бул сандарды сканерге киргизип, туурасынан цифралардын суммасы 13кө барабар болушу керек. Балдар, кодду купуя сакташат деп ойлойм, зарыл болгондо кайсы цифраларды терип басабыз?
Жыйынтыктоо:
-сабактан эмнени үйрөндүк?
-Базар экономикасы адамдардын жашоодогу зарылчылыктарынан кантип пайда болгонун элестеттик, жаңы эсептөө сабатына ээ болдук.
Үйгө тапшырма: /Слайд-9/
ыктыярдуу метод  менен төмөндөгүлөрдүн  бир түрүн жасасанар болот. Мугалим тарабынан алдын ала даярдалган  иш-аракеттердин кадамдарын, кандайча баштап, ишти бөлүштүрүүнү оозеки талкуулап, бардык кырдаалдарды түшүндүрөт, кагазга көрсөтмөлөрдү шарттарын чакан долбоордук иш катары жазып,математикалык тилде эсептин жазылышына үлгү берилет.
-ар бирибиз үйдөн кошуна окуучулар менен топторго ыктыярдуу бөлүнүп алып,ушул сыяктуу кызыктуу  маселелерди ойлонуп түзүп чыгарып, ортого салабыз;
-же «Базарда оюнун» ойлонуп, топтогу окуучулар өздөрүнүн "**базары"** деп аталган оюн өткөрө алышат:
-Ар бир бала товарларды (мүмкүн алмалар,банан,шоколад ...)
-Товарларды сатып алуудан кийин калдыктарын эсептешет, киреше, чыгашаны табабыз.

Топтун мүчөлөрү ар кайсы ишке жооптуу болуп өзүңөрчө бөлүшүп, бул кыскача иштерди «долбоор» катары, айтып көрсөтүп бересиңер.

Тапшырма түшүнүктүү болсо, эми биз базардан класска чуркайбыз. Ким бүгүнкү сабактан эсептөөнү, жазууну үйрөнсө, айланаңызды караңыз. Сиз өзүңүз эс алганга салкын өргө куруңуз, ал үчүн:

Сабак учурунда кандай маанайда болгонуңарды билгим келет.

Бул жерде менде үч түстөгү геометриялык фигуралар бар: - кызыл түс-шайыр маанай;

- жашыл түс-ойлуу маанай;
- көк түс-бул тажаган, маанай. - Өз маанайыңызга жараша үй куруңуз;

Ар бир окуучу конверттерди алып, үйлөрүн курушат. /рефлексия/Сүрөткө түшүшөт!

Башталгыч мектепте жаш мугалимдердин математика сабагына мезгилге үндөш даярдануусу - бул мугалимдин педагогикалык ыкмаларын, балдардын психологиясынын, жана логикалык ойлонууну тереңирээк түшүнүүсүн талап кылуучу масштабдуу процесс. Илимдин тили менен алганда: «Эң биринчи интеллектуалдык азыкты математика берет, ал эненин сүтүнөн барат»- дегени бар. Ошондуктан ар бир математика сабагына аң сезимдүү даярдана билүү зарыл [5, 100-б].

Эгер мугалимдер бардык бул аспекттерди эске алса, алар балдардын математикадагы кызыгуусун жогорулатууга, эффективдүү билим материалдары менен камсыз кылууга жана аларды өз алдынча ойлоп, маселелерди чечүүгө үйрөтүүгө чоң мүмкүнчүлүк алышат. Студент кезинен ар бирине өз алдынча изденүү мүмкүнчүлүгүн түзүү менен, берилүүчү математикалык теманын өзөгүн таба билүү,салыштыруулар аркылуу материалдын маңызын берүүчү ыкмалардын кадамдарын так жазып көрсөтө алуу көндүмүнө семинардык сабактарда жетишүү милдети турат [7, 27-б].

Базар мамилесине сунушталган оюндар, мисалдарды чыгарууда сабакта **мүмкүнчүлүгү чектелген, кабыл алуусу жай өнүккөн окуучуларга жекече,** топтук тапшырмалар берилгени жакшы натыйжа берээри түшүнүктүү.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. А.В. Белошистая Математика в начальной школе. 2005. – М. Владос, – 4б.
2. Бекбоев М.Б., Ибраева Н.И. Математика. 3класс. 2016. – 224-б.
3. Н.Б. Истомина//Методика обучения математики в начальных классах// – М.1998.
4. Ю. А. Конаржевский Анализ урока. 2015. част1.
5. А.К. Конушбаева.Эң кымбат мурас-тарбиялуулук,ага математиканын салымы И. Арабаев атындагы КМУнун ЖАРЧЫСЫ. 2019. III бөлүк атайын чыгарылыш – 100-б.
6. Нойнер Г., Калвейта В., Клейн Х., Резерв успеха-творчество. 1989. – 7-б.
7. Узакова М.К.Математиканы окутууда педагогикалык факультеттин студенттеринин окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү. Кыргыз билим берүү академиясынын КАБАРЛАРЫ. 2019, №3. – 27-б.
8. Фотина И.В..Урок в современной школе. 2015. – 14-б.

**Рецензент : кандидат педагогических наук, доцент Узакова М.К.**